УДК 8:894.341

Ч. Толубаева

# М ЭЛЕБАЕВДИН «УЗАК ЖОЛ» РОМАНЫНДАГЫ ПСИХОЛОГИЗМДЕР. «ЖАН ДҮЙНӨ ДИАЛЕКТИКАСЫ»

***Макалада М. Элебаевдин «Узак жол» романындагы психологиялык анализдин формаларын табуу жана жеке адамдын жан-дүйнө диалектикасын ачуу каралды.***

М.Элебаевдин «Узак жол» романында өзүнүн турмушу жана үй-бүлөсүнүн тегерегинде өткөн окуяларды жазуу менен эле революцияга чейинки жалпы

кыргыз элинин жашоо турмушун чагылдырып, реалисттик стилдик негиздөө менен өзүнчө каарманды мүнөз, образ жаратып, адамдын ички дүйнөсүн, рухий өнүгүүсүн берген. Автор чындыкты көрсөтүү жолу менен көпчүлүктүн тагдырын, рухий өнүгүүсүн, жан дүйнөдөгү болгон бардык өнүгүү жана карама-каршылыкты реалдуу бериши менен эле өтө чоң көркөм күчтү ээлеген.

Романдагы психологиялык анализдин формаларын табуу менен образдардын ички жан дүйнөсүн табуу, кыял жоругун билүүнү, жазуучунун канчалык деңгээлде кыргыз элинин турмушун чагылдыра алгандыгын карап көрөлү. Муну менен биз К.Асаналиевдин, М.Борбугуловдун, А.Эркебаевдин «Узак жолго» карата жазылган макалаларынан улам жазуучунун каармандын ички дүйнөсүн ачып берүү жагынан эң чоң жетишкендиктерге ээ болгон деп айтууга негизибиз бар.

«М.Элебаев «Узак жол» романында реализмдин көркөм принциптерин өздөштүрүүдө өз доору, өз мезгили үчүн чоң тарыхый адабияттык иш жасаганын атайы айтуу керек,»- деп К.Асаналиев адилет белгилейт (1). Дал ушул жагынан алып караганда каармандын сезимин, ой кыялын, психологиялык дүйнө таануусун белгилөөдө чыны менен Элебаев алгачкылардан болуп психологиялык анализди чебер пайдаланган жана өз учуруна жараша анын формаларын колдоно алган. Л.Гинзбург: «Одно из основополагающих открытий Толстого это открытие нового отношения между текучим и устойчивым началом душевной жизни» (2) деп белгилегендей Элебаевдин романындагы кээ бир проблемаларды тактап айтканда каармандын мүнөзүндөгү ички жан дүйнөсүн, сезимин, дүйнөнү таанып билүүсүн же болбосо автор канчалык деңгээлде жарата алган каармандардын психологиясын, ошондой эле адам менен сырткы дүйнөнүн ортосундагы роман жарата алышына Толстойдун, Пушкиндин, Горькийдин, Гоголдун чыгармалары таасир берген. Анын үстүнө мындай деп айтууга Толстойдун бөтөнчө психологиялык аспектиде жазылган «Ажымурат» повестин Элебаев которуусу да чоң роль ойнойт.

«Узак жол» романы XXX майда бөлүмдөн түзүлгөн. Отуз майда бөлүктөн курулган романдын иш-аракети кандайча түзүлгөн жана психологиялык анализ агымы кантип бириккен. Биздин оюбузча автор психологиялык анализдин формасы «жан дүйнө диалектикасы» аркылуу берген. «Жан дүйнө диалектикасы» С.Г.Бочариндин оюю боюнча бул аң-сезимдин белгилүү бир тиби (определенный тип сознания). Буга чейин бизге белгилүү логикалык ой-жүгүртүүлөр жан дүйнө диалектикасынын спецификалык закондоруна баш ийүү менен ар бир адамдын аң-сезиминде бар. Бул ички дүйнөнүн терең психологиялык анализи гана болбостон, а мүнөздүн курулушунун принциби. «Узак жолдо» сүрөткер атайын бир каармандын жайылтылган ички дүйнөсүн сүрөттөөдөн качат, романда лирикалык каарман Мукайдын жан дүйнөсү аркылуу бардык окуя өнүгөт. Романдагы жаңылыктардын кокустан болушу жана кокус пайда болгон ассоциациялык образдар, эстөө сүрөттөөлөрү, лирикалык каармандын аң сезиминде өнүгөт. Ушул негизде Элебаев романда өзүнүн өз башынан өзү көргөн турмушту кыйынчылыктарды аң сезиминде, жүрөгүндө да бир жолу эле тең өткөрүп, сүрөткер катары өзүнүн дүйнөнү көркөм таануусу менен окурмандын аң сезиминин каарман кошо нравалык социалдык изилдөөгө салат.

М. Элебаевдин чыгармасында өзү көргөн билгенин өздөштүрүү психологизми. Бул – белгилүү бир жашоонун закон ченемдүүлүк психологизм түшүнүгүндө билдирүүгө жатат. «Узак жол» романына кайрылсак, энесинин өлүмү менен башталган окуя уламдан-улам сюжетти сызыкта каармандын жан дүйнөсү менен ар түрдүү жаңылыктар, окуялар өнүгүп отурат. Энесинен жетим калган бул үй-бүлөнүн таенеси бир аз жардам катары Кең-Сууга алып кетет. Таята – таенеси башынан бай кишилер экен, алардын үйүнө биринчи баргандагы көрүнүштү каарман: «Тосмо суудай мемиреген жазгы жумшак кечте, кыжылдаган сансыз кой аралашып, чаржайыт чуркурап, уйлар музоосун издеп, мөөрөп, жер-суунун тынчын алып, кечки тунук абаны экилендирип, айлап кайнаган күүгө толуп турду. Жалгыз молодой жымжырт жерде өскөн адам мына бу жерден экинчи бир дүйнөнү көргөндөй болдум» – дейт. Бул социалдык-психологиялык мүнөздөмө каармандын жана автордун биригүүсүн улам он бир жаштагы баланын дүйнөсү мына ушундай өзүнчө бөтөнчө сезилген жашоосундагы кыйынчылыктын башталышы, ички дүйнөсүндөгү карама-каршылык, кемсинүү, ойлонуу жүрө баштайт. Ата-эне мээримине бөлөнүп, үйдө болчу бала минтип жетимчиликтин, жокчулук турмуштун айынан таятасынын колунда козу кайтарып жүрөт. Ал али турмуштун эч нерсесин түшүнө элек бала. Бирок ал өз сезими, мүнөзү, оюу бар бөтөнчө каарман. Кечинде койлор короого келер менен кой идиштерин көтөргөн келиндер кой сааганга чыгат. Кой кармап берип жүргөн Мукайды бир кой бутун басып алат. Буту чатырап канап, ага чыдап турган балага боор оруштун ордуна таенеси: «-Деги, томаяктын баласына кой ошондой келет тура», - дегендей болду. Бул сөз мага араң угулду. Мен сексеңдеп аксап барып, андан башкасын кармап келдим. Кой саадырып турсам, таенем жаныма келип, бутактуу, кыпкызыл табылга таягын оң колуна бош таянып тура калды да менин үстүмдү айландыра карап алып:

- Ырысы жок тонуңду эмне тытып алгансың – деди.
- Бая Сасбактын баласы, ала качып жүрүп ушинтип койду, - дедим мен, койдун койнунан кармап туруп, көгөндөгү козуларды карап алып.

- Ырысы жок, ырысы жок киши ошондой болот. Таенемдин сөөктөн өткөндөй заар тили менен сыйлап туруп «үстүмдү бүтөп бергенинен» антпей жыңалач койгону жеңил көрүнүп турду. Ачууланганда эки сөзүнүн бири «ырысы жок». Бул сөз энчиме басылгандай көбүнчө мага жумшалчу. Ал Курманбайга канчалык ачууланса да бир айтып көргөн эмес. Ошол үчүн мен «ырысы жок» томаяктар үчүн гана бүткөн сөз болсо керек деп ойлочумун». Чыгарманын башталышында эле мына ушундай каармандын көңүлүн оорутуп, жанына баткан турмуш башталат. Жеке эле каармандын мүнөзү, кыял-жоругу эмес, чыгармадагы башка катышкан каармандардын мүнөзү романдын сюжетти үнүгүшүндө чыгат. Азыркы эле окуя учурундагы таенеси өзүнчө кайталангыс образ. Ал Кең-Суунун эң чоң байы, бирок сараң. Тили заар жана катаал аял. Каармандын сөзү менен айтканда «ырысы жок» жалаң томаяктар үчүн гана айтылгансып, ал жээни Мукайга башкача мамиле жасайт. Өз небереси Курманбайды тилдебейт, жакшы көрөт. Үч ай бою козусун кайтарган небере-жээни Мукайга бар болгону бир эски күрмөсүн гана берет. А чын-чынына келгенде «таята-таенелерим четинен бай. Бирок, аларды башынан бай жана сараң кылып жараткан. Байлык жагына келгенде бу Кең-Ууда Чыңгышбай уулунан ашып түшкөн бай ким. Жалаң бир атадан тарагандар бир ууру журттай

болуп, эртели-кеч малы жайылып чыкканда кара таандай каптачу. Ошентсе да котур улак үчүн өлгөн өңкөй сараң. Тогуз жүз койлуу тун уулу – Сааданбай, тери шымдан бөлөк, өмүрүндө кездеме кийип көргөн эмес. Али эсимде бир күнү талаадан тоголонуп өлгөн бир токту үчүн кадимкидей ыйлап, койчусун таң атканча сабап чыккан». Лаконизм менен берилген психологиялык жана социалдык мүнөздөмө каармандын жан дүйнөсүн психологиялык жактан түшүнүүгө шарт түзөт. М.Элебаевдин чыгармачылыгы лаконизмди, тагыраак айтканда, бир окуяны айтууда, бир окуяны берүүдө лаконизмдик мүнөздөмөлөр таасын жана образдуу, жандуу берилет. Өзгөчө психологиялык мүнөздөмөлөр жетиштүү. М. Элебаевдин чыгармачылыгында «жан дүйнө диалектикасын» изилдөөдө сөзсүз түрдө каармандын айлана-чөйрөсүнө болгон көз карашы, ал чөйрөнүн, элдин жашоосундагы кай бир жашоо формаларына анализ жүргүзүүсү деле баяндоочу каармандын адамдык нравалык изденүүсүн, рухий ой-жүгүртүүсү менен байланышкан.

Таенесинин колунда жүргөн бала Мукайдын сан жылкылуу Сарыбай байдын бүтүн Кең-Суудан төрт кыбыласы түгөл жетим издеп, үйүнө чакыртып, каарман ойлогондой «балким менин жетимдигиме жаны ачып, бирдеме берейин деп чакыргандыр деп ойлоп коем» дегендей, ал балага боору ооруп чакырган жок. Сарыбай ноокас. Ушул оорусунан айыгыш үчүн жети тыйын менен чыгып кетсин деген ниетте садага берип отурат. Жети тыйынды алган баланын жан-дүйнөсү кандай абалда калды. «Бир нанды жеп, жети тыйынды алгандан кийин эми менде эч кимдин тыйынча жумушу жок көрүндү, жолума түштүм. Бая мени иттен үйүнө киргизген неме иттен чыгарып койду. Жолдо бара жатып бүгүн мени бирөө кордогондой, кемсинткендей болуп көрүнүп, көңүлүм иренжиди. Мени неге чакырып кеткенин мурун билип алышкандай болуп, үйгө баргандан кийин Сарыбай байдыкынан эмне «олжо» менен келгеним тууралуу менеден эч ким сураган жок».

Жашоо жана анын турмуштук кыймылы баланын ички дүйнөсүн уйгу-туйгуга ойлонууга салып атат. Анын мындай рухий дүйнөсүндөгү кордолуу, чыныгы турмуштун жаңы ачылыштарына, кыйынчылыктарына алып барып такады. Дал ушул жерден «жан дүйнө диалектикасы» М.Элебаевдин чыгармачылыгында кайталангыс баалуу орунду ээлеген. Адамдын рухий дүйнөсү менен чыныгы турмуштун өз ара мамилеси бир эле учурда ички терең психикалык процесстин өз алдынча тынымсыз агымы менен берилип жатат. «У Толстого, - указывает А.Скафтымов, - описания чувств, как такового, нет. Его изображения эмоционального состояния всегда состоит, в сущности, из перечня тех воздействий, какие пришли из внешнего мира и притронулись к душе. Душа всегда звучит под бесчисленными, иногда незаметными, неслышными пальцами действительности данного момента» – деп белгилегендей Элебаевдин каарманынын жан дүйнөсүндөгү өзгөрүү сырткы дүйнөдөн андагы элдердин кылган мамилесинен улам болуп атат. Али эч нерсени түшүнбөгөн бала зар турмуштун айынан эң оор турмуштук соккуларды, жан-дүйнөсүндө аңдап, жан-дүйнөсү аркылуу кабыл алып, ички психологиялык абалы бушайманга түшүп отурат. Аны турмуштун өзү, курчаган адамдар кападар кылып, ойлонтуп жатат. Ушуну менен эле Мукай жыргап кеткен жок, бул бар болгону жан-дүйнөсүндөгү жабыркоонун жаңы гана башталышы эле.

Автордун жетимдердин жашоосун сүрөттөөсү эң эле таасирдүү чыккан. Ал 1914-1920-жылдар убагында тарыхый жаңылыктар менен өз үй-бүлөсүн берүүдө адамдык турмуштун, жокчулуктун, каармандардын ички дүйнөсүнө кирүү, сүрөттөө аркылуу мүнөздөгөн. Мындай психологиялык социалдык мүнөздөмө

романдын башталышынан аягына чейин монотондуу өнүккөн сюжетте берилет. Бирок бул Элебаевдин дал турмуш чындыгын сүрөттөөдөн каармандын жан-дүйнөсүнүн диалектикасын бере алды. Каарман чыныгы дүйнөнүн кандай экенин, адамдардын ар түрдүү сапатын жана мүнөзүн билет. Оор турмуш анын адамдык мүнөзүн калыпка салып боорукерликке, кайраттуулукка тарбиялайт. Ал өзү эмес башкаларга болгон аео сезими да ойгонот. Элебаев чыгармасында сюжеттик өзөктө көп түрдүү каармандардын образын берет. Каармандар көркөм идеялык функцияны аткаруу менен чыгарманын маанисин ачып, мазмунун толуктап турат.

Урманбет, Элебес, Бейшемби, Бурмаке өңдөнгөн каармандардын тагдыры менен ошол мезгилдеги карапайым элдин оор тагдыры жана адамдык жашоосун баяндоодо турмуштук көрүнүштөрдүн майда-баратына чейин жөнөкөй деталдар менен чебер сүрөттөгөн. Каармандын ички дүйнөсүн ачууда көркөм деталь баалуу каражат. Көркөм деталды анализдөөдө С.Байгазиевдин каармандын жан-дүйнөсүн ачуудагы кандайдыр белгиленген принцип катары эмес, автордун табылгасы катары минтип айтат: «Баарынан да «Узак жолдогу» көркөм деталдын искусствосун айт. «Узак жолдо» кыргыз адабиятында биринчи жолу көркөм деталдын эстетикалык мүмкүнчүлүгү чындап ачылган десек жаңылышпайбыз. Чынында эле кара сөздө көркөм деталдын ролу аябагандай чоң эмеспи. Бекеринен деталдын искусствонун миниатюралык модели деп айтышпайт ко. «Узак жолдун» бүткүл маани-мазмуну бири-бирине чиркелишкен көркөм деталдарга, эпизоддорго чөгөрүлгөн. Деталь бул жерде стихиялуу пайдаланылган, майда-барат түрүндө эмес, түбү образдык жалпылоо, кеңири социалдык картинаны түзүү мүдөөсүн көздөгөн, аң сезимдүү түрдө атайын колдонулган эстетикалык ыкма, сюжеттик-композициялык принцип катары, көркөм система катары жашап турат».

С.Байгазиев белгилеген көркөм деталдардын бардык системасы – көп түрдүү сүрөттөөлөр романдагы каармандардын рухий дүйнөсүн ачат. Мына ушул Элебаевдин чыгармачылык системасын, ар түрдүү көркөм каражаттарды биз «жан-дүйнө диалектикасына» бириктирдик. Каармандын Василий деген байга малайлыкка берилиши жана кожоюну арыкка алып барын ишарат кылыш, аны «бетиңди жуу» деп түшүнүп, бети-колун жууп, кир көйнөгү менен аарчынын, аялы тамак берген деталдарга көңүл бурсак. Мындай ачык деталдар Мукай менен Василий жана анын үй-бүлөсүнүн психологиясын ачык тартын берип жатат. Василийдин үй-бүлөсү үчүн Мукай биринчиден – малай, аларга тең эмес. Экинчиден баланын сырткы турпаты, кийими кир, жүдөө. Майда-чүйдөсүнө чейин баяндоо сүрөткердин каармандын ички дүйнөсүнүн кыймылын, кулк-мүнөзүнүн кандайлыгын көрсөткөн байкагычтыгында.

Дегеле М.Элебаевдин деталы бир багытты гана билдирбейт, тескерисинче көптөгөн турмуштук жагдайларды, шарттарды, учурду тандоого салат. Мындай ой менен биз жазуучунун чыгармачылыгы психологиялык анализ мүнөздү айгинелөөгө жана жеке адамдын жан-дүйнө диалектикасын, адамдык жаратылыштын табигыйлыгын, өзгөрмөлүүлүгүн, алсыздыгын, күчтүүлүгүн, акылдуулугун, кеңпейилдүүлүгүн сүрөткер каармандык байкоо жана жан-дүйнө диалектикасы аркылуу ачат. Романда турмуштук социалдык-психологиялык мүнөздөмө, адамдардын ортосундагы өз ара мамиле, кыял-жорук, рухий өнүгүү, бардыгы жалпыланып, сюжеттик өзөктө берилген да деталда сюжеттин маңызын ачат.

## АДАБИЯТТАР

1. Асаналиев К. Көркөм нарк. –Фрунзе, 1988.
2. Гинзбург Л.Я. О психологической прозе. –Ленинград, 1977.
3. Байгазиев С. Жазуучунун индивидуалдуу бөтөнчөлүгү. Мукай жана Жусуп.
4. Элебаев М. Узак жол. –Фрунзе, 1984.
5. Скафтымов А. Статьи о русской литературе. –Саратов, 1958.